| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>**ЖАҢЫ-ЖЕР**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз сессиясы**

**№ 45 Т О К Т О М**

Борбордук айылы

8-сентябрь 2025-жыл

**Той маареке, салтанаттарга чектөө коюу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 6-декабрындагы "Тынчтык жөнүндө" №194 Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун 2025-жылдын 14-августундагы №27-19633 сандуу тапшырмасынын талаптарын аткарууга алуу максатында Жаңы-Жер айыл аймагында той маареке, салтанаттарды өткөрүү убагын чектөөгө алуу үчүн Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 6-декабрындагы "Тынчтык жөнүндө" №194 Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун 2025-жылдын 14-августундагы №27-19633 сандуу тапшырмасы аткарууга алынсын.
2. Жаңы-Жер айыл аймагында өткөрүлүүчү той – маарекелер, салтанаттар кечки саат 22:00 баштап токтотулсун.
3. Ар бир айылдын башчыларына, активисттер жана той-маареке, салтанаттардын өткөрүлүшү боюнча түзүлгөн комиссия курамына жана Жаңы-Жер аймактык милиция бөлүмчөсүнө той-маареке, салтанаттардын өткөрүлүшүнө көзөмөл жүргүзүү жагы тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышы Жаңы-Жер айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин Жаштар, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы тапшырылсын.

**Төрага:** **Ж.Мурадилов**